Бекитемин:

Мектеп директору/ /Р.Айдаркулов

# К.Акназаров орто мектебинде 2020-2021- окуу жылына карата 9 -" б " классына түзүлгөн класс жетекчинин иш планы

| № | Аткарыла турган иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким жоопту |
|---|---|---|---|
| 1 | Класс кабинетти жаы окуу жылына даярдоо | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 2 | 1-сентябрь "Билим күн" өткөрүү | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 3 | Класска жыйналыш өтуу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 4 | Класстагы окуучуларды тактоо | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 5 | Класс активдерин шайлоо | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 6 | Окуучуларды китеп менен камсыз кылуу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 7 | Класстык бурч уюштуруу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 8 | Тазалык бурчун уюштуруу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 9 | Жолдо жүрүү эрежелери менен тааныштыруу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 10 | Коопсуздук текхникасынын эрежелери менен тааныштыруу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 11 | Өрт коопсуздук эрежелери менен тааныштыруу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 12 | Ата-энелер комитетин шайлоо | Сентябрь | Ата-энелер |
| 13 | 8-сентябрь Сабаттуулук күнү (сүрөт конкурсу) | Жыл бою | Класс жетекчи |
| 14 | 23-сентябрь "Эне тилим-эне сүтүм" (ыр айтуу) | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 15 | Таланттуу окуучулар менен иштөө | Жыл бою | Класс жетекчи |
| 16 | Начар окуган окуучу менен иш алып баруу | Жыл бою | Класс жетекчи |
| 17 | 1-декабрь СПИД күнү | Декабрь | Класс жетекчи |
| 18 | Жаңы жылга даярдануу | Декабрь | Класс жетекчи.Окуучу |
| 19 | 21-февраль "Бүткүл Дүйнөлүк тил күнү" | Февраль | Класс жетекчи |
| 20 | 8-Март-Аялдардын эл аралык күнү | Март | Класс жетекчи |
| 21 | Кел ,Ноорузум келегой | Март | Класс жетекчи |
| 22 | Айлана-чөйрөнү тазалоо (ишембилик) | Май | Класс жетекчи |
| 23 | 9-Май Жеңиш күнү | Май | Класс жетекчи |
| 24 | Окуу китептерин ремонттоо | Май | Класс жетекчи |
| 25 | 25-май "Акыркы коңгуроо" | Май | Класс жетекчи |
| 26 | Класс ремонтуна даярдык көрүү | Май | Класс жетекчи |
| | | | |

Текшерилди:

Т.И.У./ /Жумаалы уулу Адыл

Класс жетекчи:____________________

Бекитемин
Мектеп директору :
/ / Р.Айдаркулов

Текшерилди ТИУ : 11.01.2021-ж
/ / Жумаалы уулу Адил

# К.Акназаров атындагы орто мектебинин 9- б классында экинчи жарым жылдыкта өтулө турган практикалык сааттардын темалары

| № | Сабактын темасы | Сааты | Мөөнөтү | |
|---|---|---|---|---|
| | | | П | Ф |
| 1 | Сасык тумоодон сак бололу | 1 | 13.01 | |
| 2 | Ууру кылуу уят иш | 1 | 20.01 | |
| 3 | Билим түгөнбөгөн кенч | 1 | 27.01 | |
| 4 | Карысы бар үйдүн ырысы бар | 1 | 03.02 | |
| 5 | Ден соолугуңду жашыңдан сакта | 1 | 10.02 | |
| 6 | 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата белек жасоо | 1 | 17.02 | |
| 7 | Ачуу-душман,акыл -дос | 1 | 24.02 | |
| 8 | 8-мартка карата белек жасоо | 1 | 03.03 | |
| 9 | Эмгекчилдин наны таттуу | 1 | 10.03 | |
| 10 | Нооруз майрамына карата белек жасоо | 1 | 17.03 | |
| 11 | Куйма кулактык сапат жөнүндө | 1 | 31.03 | |
| 12 | Мен киммин ? | 1 | 07.04 | |
| 13 | Келгин куштарга уя ,акыр жасоо | 1 | **14.04** | |
| 14 | Сиз кетирген жаңылыштыктарды кайталабайын | 1 | 21.04 | |
| 15 | 1-май майрамына открытка жасоо | 1 | 28.04 | |
| 16 | 9-май Улуу жеңиш күнүнө карата дубал-газета чыгаруу | 1 | 12.05 | |
| 17 | 20-май Энелер күнүнө сүрөт конкурсу | | 19.05 | |
| 18 | Китептерди ремонттоо | | 24.05 | |

Бекитемин
Мектеп директору :
/ /  Р.Айдаркулов

Текшерилди ТИУ :
/ / Жумаалы уулу Адил

# К.Акназаров атындагы орто мектебинин 9- б классында биринчи жарым жылдыкта өтүлө турган практикалык сааттардын темалары

| № | Сабактын темасы | Сааты | Мөөнөтү | |
|---|---|---|---|---|
| | | | П | Ф |
| 1 | Күн тартиби | 1 | 03.09 | |
| 2 | Коронавирус деген эмне жана андан сактануунун жолдору. | 1 | 09.09 | |
| 3 | Рэкетчилик терс көрүнүш | 1 | 16.09 | |
| 4 | Уулу затка ууланба | 1 | 23.09 | |
| 5 | Толлеранттуулук | 1 | 30.09 | |
| 6 | Ичкилик арты өкүнүч. | 1 | 07.10 | |
| 7 | Эхинококкоз-коркунучтуу дарт | 1 | 14.10 | |
| 8 | Психикалык активдүү заттар | 1 | 21.10 | |
| 9 | Суицид | 1 | 28.10 | |
| 10 | Менин сүйгөн кесибим | 1 | 12.11 | |
| 11 | Жугуштуу оорулардан сактаналы | 1 | 18.11 | |
| 12 | Бир туугандарым менин сыймыгым | 1 | 25.11 | |
| 13 | Өзүн –өзү сыйлоо | 1 | **02.12** | |
| 14 | Туберкулёз | 1 | 09.12 | |
| 15 | Карылар үйү керекпи | 1 | 16.12 | |
| 16 | Дос тандоо жана дос күтүү адеби | 1 | 23.12 | |

Бекитемин:

Мектеп директору/ /Р.Айдаркулов

## К Акназаров орто мектебинде 2020-2021- окуу жылына карата 9 -“ б ” классынын ата-энелери менен иштөө үчүн түзүлгөн иш планы

| № | Аткарыла турган иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер жөнүндө маалымат | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 2 | Ата-энелер чогулушун өткөрүү жана токтом кабыл алуу | Жыл ичинде | Класс жетекчи |
| 3 | Ата-энелер жобосу менен тааныштыруу | Жыл башында | Класс жетекчи |
| 4 | Ата-энелер комитетин жана мүчөлөрүн шайлоо | Жыл башында | Класс жетекчи |
| 5 | Ата-энелерге милдеттери менен тааныштыруу | Жыл башында | Класс жетекчи |
| 6 | Ата-энелер менен үч тараптуу келишим түзүү | Жыл башында | Класс жетекчи |
| 7 | Ата-энелерге сабакка катыштыруу графигин түзүү | Жыл башында | Класс жетекчи |
| 8 | Ата-энелер менен байланышуу | Жыл ичинде | Класс жетекчи |

Текшерилди:____________________

Т.И.У/ /Жумаалы уулу Адыл

Текшерилди: ____________

**К.Акназаров орто мектебинде 2020 -20 21- окуу жылына карата 9-“б” классынын окуучулары менен иштөө үчүн түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарыла турган иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуучуларды кабыл, алуу аты-жөнүн тактоо | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 2 | Класстык жыйналышты өткөрүү | Жыл бою | Класс жетекчи |
| 3 | Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу түзүмүн уюштуруу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 4 | Окуучулардын милдеттери, укуктары менен тааныштыруу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 5 | Окуучулардын дежурствосун уюштуруу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 6 | Окуучунун сабакка катышуусун көзөмөлдөө | Дайыма | Класс жетекчи |
| 7 | Окуучулар менен бирдикте даталуу Күндөргө карата ар кандай иш чараларды өткөрүп туруу | Жыл бою | Класс жетекчи |
| 8 | Балдарды тарбиялоо концепсиясы менен тааныштыруу | Сентябрь | Класс жетекчи |
| 9 | Тартип бузган окуучулар менен иш алып баруу | Жыл бою | Класс жетекчи |
| 10 | Сабактан себепсиз калган окуучулар менен иш алып баруу | Жыл бою | Класс жетекчи |

**Класс жетекчи:** Э. Жумабаева

**К.Акназаров орто мектебинде 2020 -2021 - окуу жылына карата 9 - ” б ” классынын окуучуларынын жумалык планы**

| № | Күндөр | Аткарыла турган иштин планы | Ким аткрат |
|---|---|---|---|
| 1 | Дүйшөнбү | Тазалык күнү<br>Тазалыкты сактоо | Класс жетекчи |
| 2 | Шейшемби | Тарбия саат өтүү | Класс жетекчи |
| 3 | Шаршемби | А)Окуу куралдарынын абалын текшерүү<br>Б)Класс ичиндеги эмеректердин сакталышын көзөмөлдөө | Класс жетекчи |
| 4 | Бейшемби | Ачык эшиктер<br>Ата-энелер менен иштөө | Класс жетекчи |
| 5 | Жума | Практикалык саат өтүү | Класс жетекчи |

Класс жетекчи: Э. Жумабаева

Ыйман түбү жок деңиздей-терең,чеги жок ааламдай кенен

8 б класс 22.10. 13.10.

Сабактын темасы: Ыйман – түбү жок деңиздей терең, чеги жок ааламдай кенен.

Сабактын максаты: Үй-бүлөдөгү ыймандуулук жөнүндө түшүнүк алат.

Сабактын жүрүшү:

"Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң"

"Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың", – дейт. Үй-бүлөдө ата-эне, чоң ата, чоң эне, уул-келин, кыздар-балдар болуп чогуу жашайт дейли. Ата-энесине сылык-сыпаа, барктап, сыйлап мамиле кылып турган өз ата-энесин көргөн небере кийин да өз ата-энесине ошондой мамиле кылаары шексиз.

"Эсиңе тут"

1. Ата-энеңе каяша айтпа!
2. Алардын айтканын эки кылба!
3. Тамакка алардан озунуп кол салба!
4. Колуңдан келген жардамыңды аяба!
5. Ата-энеңден жеңилин жерден, оорун колдон ал!
6. Ата-энең ооруп калса, бардык мүмкүнчүлүгүңдү алардын сакайып кетүүсүнө жумша!
7. Орой сөз айтып, көңүлүн оорутпа!
8. Бардык жакшы буюмуңду ата-энеңе арна!
9. Алар карыган кезде бапестеп бак!
10. Жасаган тамагыңдан алдын ата-энеңе бер!
11. Салтанаттуу учурларда биринчи сөздү ата-энең сүйлөсүн!
12. Тиешелүү майрамдарда биринчи белекти ата-энеңе арна!

**16.03.2021**

## Сабактын темасы:
## ЖАМАНДЫК КЫЛГАН ЖАРЫБАЙТ!

**Сабактын максаты:**

- Жамандыктын залалдары жөнүндө түшүнүк алышат;
- Текстти окуп, анын мазмунун түшүнө алат;
- Каармандар жөнүндө сүйлөп бере алат;
- Досторуна, жалпы эле адамдарга жамандык кылбоо керек экендигин түшүнөт;
- Окуучулар өз ойлорун эркин айтууга үйрөнүшөт.

**Сабактын жабдылышы:**

Текст боюнча тартылган түстүү сүрөттөр, эки ватман, эки маркер (кызыл, көк), таркатмалар (жамандыктын залалдары жөнүндө жазылган чакан тексттер), ж.б. **Сабактын ыкмасы:** Тыным менен окутуу

**Сабактын жүрүшү:**

***Мугалим:***

Ар бир жаш инсандын жүрөгүндө келечекке болгон жакшы максат, жагымдуу ой - тилектери бар. Ошол жакшы жышаандарды жүзөгө ашыруу үчүн инсан бул жашоосунда көп аракет жумшайт. Алар качан жүзөгө ашат? Жакшы менен жаманды ажырата билгенде, дээриндеги изги сапаттар бышып жетилип өз түшүмүн бергенде гана.

Турмуштагы ар кандай кырдаалдарды акыл элегинен өткөрүп, таразалап, талдап анан адал жашоого умтулган жаш жеткинчек, сенден баралыңа келгенде абийирдүү, ыймандуу адам пайда болот. Талкуу үчүн **«Жоомарт халифа»** тексти тыным менен окулат.

**1-бөлүм**

Байыркы арабдардын «Умавия» тукумундагы халиф ал арынан Умар ибн Абдулазиз эң адилет, эч кимдин көңүлүн оорутпаган, зулумдук менен калыссыздыктарды бүтүрүүгө жан үрөгөн адам эле. Халифанын бул сапаттарын көрө албаган жандар бир адамды жалдап, халифаны ууландырышты.

**2-бөлүм**

Бирок уу берген адам качып кутула албады. Аны Умардын кашына алып келишти.

Умар ал адамдан:

-Мага эмне үчүн уу бердиң? Мындагы максатың эмне эле? - деп сурады.

Ал адам:

-Халифам, мен сиздин жоомарт адам экениңизди билемин. Душмандарыңыз мага миң алтын берип, сизди ууландырууну буюрушту. Акча үчүн абийиримди сатып, ушул жарабас ишти жасоого мажбур болдум. Өз ишиме өзүм кыжаалатмын, - деди.

Халифа ал адамдан миң алтынды алып мамлекет казынасына тапшырды. Анан ал адамга абдан ачууланды.

*Окулган текстти окуучулар айтып беришет. Мындан кийинки окуя кандай болоору жөнүндө божомолдорду айтышат.*

## 3-бөлүм

-Акча, дүнүйө үчүн бирөөгө жаманчылык кылуунун чоң күнөө экендигин билбедиңби? Эгерде чоң күнөө экендигин билген болсоң мындай ишке кол сунбас элең. Мен сени кечирдим, арийне инсан жамандык кылган адамдан өч албоосу, анын күнөөсүн кечирүүсү зарыл. Эгер сен берген уудан кез жумсам, адамдарым сени жиликтеп, тытып жибермек. Ошон үчүн тообо кылгын, акчага, дүнүйө-мүлккө көз артып, бирөөнүн өмүрүнө кастык кылбагын, -деди.

Ал адам ыйлап тообо кылды. Халифадан кечирим сурады, кайырлашып чыгып кетти. Халифа бардык жигиттерине бул адамга таптакыр тийбегиле деп буюрду.

**Тапшырма:**

1. Бул кичинекей окуядан жамандыктын кандай залалдарын байкадың?
2. Абдулазиз халифанын жакшы сапаттарын эмне үчүн көрө албады деп ойлойсуңар?
3. Халифа ал адамды жазалаш керек беле? Эмне үчүн жазалабады?
4. Халифа ууну ичип, бирок аман калганында кандай сыр бар?
5. Инсан жамандык кылган адамдан өч албоосу, анын күнөөсүн кечирүүсү зарыл дегенди кандайча түшүнөсүң?

## *Келишим*

## *К. Акназаров атындагы орто мектеби*

*К. Акназаров атындагы орто мектеби, профилактикалык кеңеш биринчи тарап жана мектептин ата-энелери экинчи тарап, мектептин окуучулары үчүнчү тарап болуп келишим түзүшөт.*

### *Жалпы жобо*

*Келишим түзгөн үч тарап тең өз ишин жүргүзүүдө КР Конституциясынын, КРнын мыйзамдарын окутуп тарбиялоого байланыштуу нормативдүү укуктук актыларды жалпы билим берүүчү мектептер жөнүндөгү жобону уюштуруучулар менен түзүлгөн келишимдерди жана мектептин уставын жетекчиликке алат.*

*Мектеп, ата-эне, окуучулр ортосундагы мамиле түзүлгөн келишимдин негизинде КРнын мыйзамдарынын чегинде аныкталат. Окуучулар менен алардын ата-энелеринин ортосундагы мамиле мектептин уставынын негизинде жөнгө салынат.*

*1. Мектеп тарбиячылар, тарбиялануучулар тарабынан түзүлгөн келишим бузулса, өздөрүнө тиешелүү мыйзам чегинде жооп берет.*

### *Тараптын укуктары жана милдеттери*

***1-тарап.*** *К.Акназаров атындагы мектеп төмөндөгүдөй укуктарга жана милдеттерге ээ. Балдар жана ата-энелер аларды алмаштыруучу адамдар үчүн жергиликтүү билим берүүчү мекеме көрүнө жерге уставдын ички тартип эрежелеринин текстерин, ал уюмдардын ишин көзөмөлдөөчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын, алар менен байланышуунун жолдорун көрсөтүү менен илинип коюлат.*

- *Мектеп өз ишинде балдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын чектөөгө жол бербейт.*
- *Баланын мамлекеттик билим берүү мекемесине кирүүсүнө мыйзамда каралбаган чектөөлөргө жол бербейт.*
- *Мектеп акчалай же материалдык кандайдыр бир жыйындарды акыларды мажбурлап алууга жол бербейт, мектеп мажбурлоону жана кордоону болтурбастан, окуучунун укуктарын жана эркиндиктерин, окуучулардын кадыр баркын эске алуу менен тарбиялык мүнөздөгү чаралар аркылуу гана тартипти камсыз кылат.*
- *Мектепте балдарды уруп-согуп жазалоого жол берилбейт. Уруп-согуп жазалаган урурда жазалаган адам жана мектеп жетекчилери КР мыйзамдарында каралган жоопкерчиликтерди тартышат.*
- *Мектеп окуучуларына каршы келген иштерди уюштуруп, билим берүү мекемесинде тарбиялоого мүмкүн болбой калган, мектептин уставын одоно түрдө бир нече жолу бузган 14 жашта0н жогорку балдарды чыгаруу укугуна ээ. Мектептен чыгарылган окуучу жашы жеттегендер менен атайын окутуу-тарбиялоо мекемелерине жиберилет.*

***2-тарап*** *К. Акназаров атындагы орто мектебинин окуучулары төмөндөгүдөй укуктарга жана милдеттерге ээ.*

- *Ар бир бала мамлекеттик билим берүү мекемелеринде акысыз билим алууга укуктуу.*
- *Мамлекет башталгыч жалпы жана негизги билим алуунун милдеттүүлүгүн, акысыздыгын жана жеткиликтүүлүгүн ошондой эле КРнын мыйзамдарына ылайык жалпы орто билим алуунун аксыздыгын кепилдейт.*
- *Окуучулардын расасына, улутуна, социалдык абалына карабай тең укуктуу мамиле кылынат.*
- *Ар бир КРнын жараны башталгыч жалпы негизги билим алууга милдеттүү.*
- *Окуучулардын бири- бирине үстөмдүк зордук-зомбулук кылууга жол берилбейт.*

- *Окуучуларга наркоманиялык, таксикоманиялык, спирттик ичимдиктерди ичүүгө жана тамеки чегүүгө, жардыргыч жана башка ушулсыяктуу өмүргө зыян келтирүүчү заттарды пайдаланууга жана аларды алып жүрүүгө тыюу салынат.*
- *Окуучуларга окуу куралдарынан башка курал-жарактарды, телефондорду алып келүүгө тыюу салынат.*
- *Коркутуп-үркүтүү, зомбулук кылып, күч колдонууга рекетчилик кылууга тыюу салынат*
- *Сабак учурунда мугалимге тоскоол болууга, сабактан качууга, себепсиз калууга, кечигип келүүгө тыюу салынат*
- *Окуучу тарабынан келишим бузулса биринчи жолкусунда эскертүү, экинчи жолкусунда мектептин учетуна алынат, үчүнчү жолкусунда КДД жана ИДН ге сунушталат.*

***3-тарап*** *К. Акназаров атындагы орто мектепбинин окуучулары жана ата-энелери төмөндөгүдөй укуктарга жана милдеттерге ээ.*

- *Ата-энелер жана алады алмаштыруучу адамдар баланын толук кандуу өсүшүнө, тарбиялануусуна, билим алуусуна, ден-соолугунун чыңдалышына, үй бүлөөдө жана коомдук өз алдынча жашоого даярдануусуна зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.*
- *Ата-энеледин экөө тең же аларды алмаштырган адамдар баланын тарбиялануусу, тийиштүү түрдө багылуусу, материалдык жактан турак-жай менен камсыз болуусу үчүн кам көрүүгө милдетүү.*
- *Ата-энелер жана алады алмаштыруучу адамдар баланы тарбиялоого, алардын билим алуусуна кам көрүүгө, баланын жаш курагына жана жөндөмүнө жараша анын аракеттерин башкарууга укуктуу жана милдетүү.*
- *Ата-энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар ата-энелик укуктарын ишке ашырууда балдардын дене бой жана психикалык салаттыгына жана алардын адеп-ыймандык өнүгүүсүнө залал келтирүүгө укуктары жок.*
- *Балдарды тарбиялоо ыкмалары баланын этибар албаган ката орой адамдык басмырлаган мамиле, мазактоо, экспулатациялоого жол бербөөгө тийиш.*
- *Ата-энелер балдардын сабактан кийинки мезгилдеги тартиптерине, кылмыштуулукка барбоосуна жана терс көрүнүштөгү иш-аракеттерине жооп берет жана өз мойнуна алат.*
- *Мектептин уставын аткарууга милдеттүү*
- *Мектепте ата-энелер чогулушуна милдетти түрдө катышуу*
- *Мектептин мүлкүнө баласынын аяр мамиле кылышына үйрөтүүгө, китептерди жоготсо же айрыса, мектеп инвентарларын сындырса буюмдун наркын төлөп берүүгө милдеттүү*
- *Ата-эне тарабынан келишим бузулса биринчи жолкусунда эскертүү берилет, экинчи жолкусунда 500 сом жаза пул, үчүнчү жолкусунда КДД жана РОВДга сунушталат*

| 1-тарап | 2-тарап | 3-тарап |
|---|---|---|
| К. Акназаров атындагы | 9^б классынын окуучусу | Атасы:____________ |
| орто мектебинин директору | Уланбекова | Энеси: Жур |
| ______ Р. Айдаркулов | Нурай | |

**ТИУ:** ______ **Жумалы уулу А.**

**Соц педогог:** ______ **Туралиева Г.**

**Проф кең. торайымы:**

______ **Бактыгулова Т.**

**Класс жетекчиси:** / Жур /